# Ысык-Ата району Кочкорбаев айылдык Кеңеши

## Протокол

13.02.2014 ж

Кеңеш айылы

Күн тартибинде каралуучу маселелер.

1. Ысык-Ата райондук кеңешине председателин дайындоо жөнүндө.
2. 2014-жылга карата перспективдик планды бекитүү жөнүндө.
3. Бош жерлерди үй салууга муктаждыгы бар адамдарга, жер бөлүп берүү жөнүндө.
4. Жаштар комитетин түзүү жөнүндө.

**Угулду: Райкеев Ж.-төрө ага.**

Биз мурда Ысык-Ата райондук мамлекеттик администрациясында мурдагы рай. кеңештин төрө агасы өзүнүн каалоосу менен өз ишинен бошоду. Анын ордуна Мусакеев Азамат Аскарович 1977-жылы туулган. Айылда фермер чарбачылыгы боюнча иш кылат. Ошол себептен жалпыңардын колдоонор керек.

Каршы – 0

Калыс – 0

Макул – 16

**Кочкорбаев айылдык кеңеши**

**Токтом кылат:**

1. Ысык-Ата райондук биргелешкен кеңешинин төрө агалыгына Мусакеев Азамат Аскаровичтин талапкерлиги толук колдоого алынды.

**Угулду: Абдыракманова А.Ч. – жооптуу катчы**

2014-жылында аткарылган иштердин жыйынтыгына ылайык каралган маселелер боюнча түзүлгөн преспективалык планды бекитүү жагын сиздерге сунуштайм. Жыл ичиндеги преспективалык планга айылдык кеңешинин сессиясында жана айыл өкмөтүнүн кеңешмесинде каралуучу иштердин планын бекитип берүү үчүн сиздерге сунуштайм. Түзүлгөн план менен толук таныштырылып кошумча алымчалар жана сунуштар кабыл алынды. Алып айтсак II – III кварталда каралуучу КР жергиликтүү салыктар жана төлөмдөр жөнүндө мыйзамды аткаруу деген бөлүмдөргө "ФПС жерлердин ижара акысы боюнча" жана "Айыл чарбалык эмес жерлердин салыгы жөнүндө" деген сөздөр кошумчаланып толуктангандыгы белгиленсин (2014-жылга карата түзүлгөн преспективалык план толугу менен тиркелет)

**Кочкорбаев айылдык кеңеши**

**Токтом кылат:**

1. 2014-жылга карата түзүлгөн преспективалык план кабыл алынсын.

Заверяю
отв. секретарь
Кочкорбаевского
айыл окмоту
А. Сулайбеков

2. II – III кварталда караалуучу КР жергиликтүү салыктар жана төлөмдөр жөнүндө мыйзамды аткаруу деген бөлүмдөргө "ФПС жерлердин ижара акысы боюнча" жана "Айыл чарбалык эмес жерлердин салыгы жөнүндө" ,- деген сөздөр кошумчаланып толуктангандыгы белгиленсин.
3. Преспективалык планды толугу менен ишке ашыруу жагы жооптуу катчы Абдыракманова Атыркүлгө милдеттендирилсин.

**Угулду: Саидов З.С. - депутат.**

Мурда жер бөлүп берүү жагы 0,40 га бөлүп берилген. Азыркы учурда госрегистр тарабынан 0,20га жер бөлүнүп берилүүдө. Эгерде жер сурап келген адамдар болсо. Алардын шартына ылайык жер берилет. Бул берилген жерди айыл өкмөтүнүн жер бөлүп берүү жагын жер боюнча комиссияга берилсин. Буленовка Кенеш айылдарынын ген.планы өз учурунда бүткөрүлбөй калган. Ошого ылайык 2014-жылы ген.планды түзүү жагын ишке ашыруу үчүн каражат бөлүнүп берилсин. Ошонун негизинде адамдардын жер тиркелерин тариздөө жагы өз учурунда ишке ашырылмакчы. Жерди бөлүп берүү жагын жер боюнча комиссияга жүктөлсүн.

Каршы – 0
Калыс – 0
Макул – 16

**Кочкорбаев айылдык кеңеши**
**Токтом кылат:**

1. Мурдагы бөлүнгөн жер тилкелерин Мамлекеттик каттоо аркылуу тариздөө учурунда 0,20гадан ашык болуп катталган жер тилкелери ирээтке келтирилсин.
2. 2014-жылы ген.планды түзүүгө акча каражатын бөлүп берүү үчүн бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү жагы каралсын.
3. Жер бөлүштүрүү жагы жер боюнча туруктуу комиссиянын мүчөлөрүнө жүктөлсүн.

**Угулду: Байсалов К.-депутат.**

2013-жылдагы аткарылган иштердин маалыматын курултайга аткарган иштердин отчетун окуурдан мурун депутаттарга бирден көчүрмөнү берип тааныштырылып турсун. Эгерде кошумча иштер болсо кошумчалайбыз. Айылдык кеңештин аткарган иштери жөнүндө, маалыматтарды угуп комиссияларды алмаштырып жаңы курамын түзүүнү сунуштайм.

**Угулду: Алиев Бекзада – депутат**

Биз комиссиялардын курамын алмаштырууда мурун алардын 1 жылдык аткарган ишине баа берүү менен гана таразалап койсок болот. Эми жаңыдан ишти аткарууну үйрөнүп жаткан комиссиянын мүчөлөрүн алмаштыруунун кажети жок. Азыр баалап талкулайлы.

Заверено
отв. секр
Кочкорбаевского
айыл окмоту
р. Султаналиева

**Угулду: Байсалов К.-депутат.** Ар бир комиссиянын ишине жана айылдык Кеңештин төрө агасынын иштеген ишине депуттардын бир жылдык баасын берүүңүздөрдү суранабыз. Эмесе төрө агага бере турган бааңыздар

Төрө агага – жакшы

Агрардык суроолор боюнча комиссиянын төрө агасы - Байсалов К – жакшы

Бюджеттик комиссиянын төрө агасы - Койчукеев Э – жакшы

Социалдык жактан тейлөө боюнча комиссиянын төрө агасы-

Юсупов Сардал – канааттандыраарлык бирок 2014-жылы аткарган ишине өзгөчө көңүл буруу менен мамиле кылуусу сунушталсын.

**Угулду: Райкеев Ж.-төрө ага.**

Эмесе депутаттардын макулдугу менен берилген баанын негизинде баардык комиссиянын курамы өз ордунда калтырылсын. Социалдык жактан коргоо боюнча комиссиянын төрө агасына жана мүчөлөрүнө ишти жандандыруу жагы өзгөчө миллеттендирилсин. 2014-жылы аткарылган иштери жөнүндө маалыматтар өз учурда берилип туруусу сунушталсын.

**Кочкорбаев айылдык кеңеши**

**Токтом кылат:**

1. Айылдык кеңештин туруктуу комиссиялардын аткарган иши "канааттандыраарлык" деп табылсын.
2. Социалдык жактан коргоо боюнча туруктуу комиссиялардын иши жандандырылсын.

**Угулду: Койчукеев Эмиль – депутат.**

Кочкорбаев айылдык Кеңешинин төрө агасы катары Райкеев Джолдошбек Джеенбаевичке мыйзамдын негизинде айылдык маянасын чектеп берүү жагын чечип береli. Эмесе макул деген депутаттарды өз добушуңуздарды берип коюңуздарды суранам.

Макул – 16

Каршы – жок

Калыс – жок

**Кочкорбаев айылдык кеңеши**

**Токтом кылат:**

1. Кочкорбаев айылдык Кеңешинин төрө агасы Райкеев Джолдошбек Джээнбаевич К1=ДО/РД(N)СЕК=К1*КСД формуласынын негизинде айлык компенсациясы төлөнүп берилсин.
2. Өткөрүлгөн сессияга жараша төлөнүп берилүүчү компенсацияны төлөп берүү жагы каржы бөлүмүнүн башчысы Эгемкулова Динарага миллеттендирилсин.

Кочкорбаев айылдык
Кеңешинин төрө агасы: Райкеев Дж.Дж.

Заверено
отв. секр.
Кочкорбаевского
айыл окмоту
[signature]

4